# РИНАТТЫН КЫЯЛЫ



Автор: Элеонора Прояева

Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова

Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

# РИНАТТЫН КЫЯЛЫ

Автор: Элеонора Прояева
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Ринаттын кыялы"(кыргыз тилинде), автор Элеонора Прояева, сүрөтчү Бермет Кудайбергенова, Абдыкерим Муратов тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Как дракон и Асан помогли мне стать сильнее*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

– Ринат, колуңду жуудуңбу?

– Ринат, тамагыңды жедиңби? Витамин ичтиңби?

– Ринат, баш кийимиңди таптыңбы?

Ушул сыяктуу сөздөрдү эртеден кечке угам.


Баары мага кам көрүшөт, мени үй-бүлөнүн бактысы болосуң деп айтышат. Улуулар биз үчүн баарын чечип коюшат. Эмне жакшы, эмне жаман экенин өздөрү билишет.

Ата-энем мен тарткан сүрөттөрдү жактырышпайт. Мага баарынан да, ажыдаар, канаттуу жана куйруктуу ат, желмогуздарды тарткан жагат. Ошол убакта, түшкү тамакты да, кечки тамакты да эстен чыгарып коем. Ашканадан даамдуу тамактардын жыты келип жатса да, тарткан желмогуздардан алаксыта албайт.

– Ринат, сен тамак ичесиңби?! Карачы, арыктап, скелеттей болуп калдың!

– Азыр, апа! Бир эле канаты калды!

Кыйшык тиш ажыдаарымды бир канаты жок калтырып коюп кантип тамак жейм?



Коркунучтуу жаныбарлар менен алаксып, окуусу начар экен деп ойлобогула. Мен отличникмин, бир гана дене тарбиядан бир аз начарыраак болуп жатам. Ал эми математика сабагынан күчтүүмүн. “Мен жана дүйнө” сабагы өзгөчө жагат. Космос, Жердин түзүлүшү, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү кандай кызык! – Дайыма тажрыйба жүргүзөбүз, долбоорлорду жазабыз, айлана-чөйрөгө байкоо жүргүзөбүз.

Мага сүрөт сабагында кумура, кубиктерди тарткан таптакыр жакпайт. Мугалим, адегенде, кумура тартып үйрөнүү керек дейт. Бул эмне сүрөт тартуунун негизиби? Мен мындай сүрөттөрдү тарткым келбейт, зеригип кетем.

Андан көрө, ажыдаарымды тартканым мага кызык.

Атам, апам, чоң энем, чоң атам менин мектептеги ийгиликтерим менен сыймыктанышат. Бирок балдар менен сыртка чыгып ойнобогонума, спортко катышпаганыма капаланышат.

– Бул эмне деген колдор? Бул эмне деген буттар? Булчуңдарың кайда?

– Кыймылдаш керек. Кыймыл – бул жашоо!

– Ринатты спорттук секцияга берели! – деди чоң атам.



Үйдөгүлөр мени жок дегенде, бийге катышсын деген чечимге келишти. Апам экөөбүз бий студиясына келдик. Ал жерде жалаң кыздар экен. Алардын арасында, бою узун, өңү боппоз болгон бир бала бар экен. Жанында тегерек, кызгылт жүздүү чоң энеси туруптур. Экөөбүз тең бири-бирибизди карап эле, бизди бул жакка кыйнап алып келгендерин түшүндүк. Ата-энебизди капа кылбайлы деп эле келиптирбиз. Бий, өзүнчө эле азап экен. Музыканын ыргагына таптакыр түшө албай койдум. «Бийдеги түгөйүмдүн» бутун улам басып алганда, анын жини келгенин айт. Менин аюудай кыймылдап, эбим жок болгонунан, бий мугалими кыйналып, кызарып да кетет. Мен болсо кубанып жатам.

– Уксаң! – деди апам. – Жакын жерде, рыцарлар менен баатырлардын өнөрү болгон фехтование ийрими бар.

Мени ошол ийримге алып барды. Шпага – бул узун ичке шиш. Каршылашыңа сокку уруш үчүн алдыга улам-улам жылышың керек.

Ак кийимчен балдардын шпага менен салгылашып жаткандарын кызыгып карап турдум. Көз айнекчен турганым да, бутумду туура эмес койгонумда таптакыр жарашпай койду. Шпаганы кийинкиге калтырууга туура келди.


4kg
5kg
7kg

– Суудa сүзүүгө бар! Мелдештерге катышасың. Жеңишке жетүү үчүн булчуң жана эрк керек! – деди чоң атам.

Суудa сүзүүгө бир жума бардым. Суук тийип калып, апам жарым ай дарылады.

– Капаланба! Жакшылап дарылан, биз сага спорттун башка түрүн табабыз. Бал аралашкан сүт ич!

Апам сүткө бал, ал эле эмес сары май кошуп берет. Жүрөгүм айланат, апамды капа кылбайын деп эле, эптеп, азап менен ичемин.

Бий, фехтование, суудa сүзүү… Ата-энем дагы үч-төрт спорт түрүнө ээрчитип барышты. Жыйынтык чыккан жок.

Акыры алар бул ишти токтотушту.

– Мейли анда, экөөбүз бирге көнүгүүлөрдү жасайбыз, – деди атам. – Паркка барып ойноп келебиз, тоого чыгабыз.

– Эң башкасы, сени жакшы көрөбүз, – деп апам эч качан маанайын чөктүрбөйт.



Бир жолу паркта отуруп сүрөт тартып жаткам. Каникулда үйдө жалгыз калгым келген эмес.

Паркта отургучтар көп, адамдар андан да көп. Жаныма бир бала отурду. Аны дароо эле байкадым. Жалындаган Феникстин тикендүү кийимдери менен алектенип жаткам.

– Бул Жалындаган Феникспи? – деди ал мага кайрылып.

– Сен аны кайдан билесиң? – Мен чочуп кеттим. Тааныштар жана туугандардын эч кимиси ажыдаардын бул түрү тууралуу билчү эмес.

– Мен дагы ажыдаарлар жөнүндөгү оюнду жакшы көрөм, бирок сүрөтүн тарта албайм. Сен согуш өнөрүндө «ажыдаар ыкмасы» бар экенин билесиңби?

Мен согуш өнөрү жана «ажыдаар ыкмасы» тууралуу эч нерсе билчү эмесмин, ошондуктан көргүм келди.

Ажыдаарлар боюнча билерман Асан досум машыккан залга атам экөөбүз бардык.

Машыктыруучу кимоно кийген балдар жана кыздарды үйрөтүп жатыптыр. Күчтүү үнү менен так команда берет экен.

Атам экөөбүз алардын машыгууларын карап отурдук.

– Кандай экен, сага жактыбы? – деди атам бир убакта.

– Ооба, – деп атамдын көңүлү үчүн эмес, чын эле жаккандыктан жооп бердим.

Баарынан да жакканы, машыгуу залында жылан, каркыра, жолборс, илбирс, а түгүл, ажыдаардын сүрөттөрү бар экен!



Ата-энем менин кызыкканымды көрүп, клубдагы балдар кийген кимоно сатып берди.

Машыктыруучу келбетим бул өнөргө төп келе турганын айтты. Шамдагайлыкты үйрөнүп, булчуңдарды чыңдап алууга болорун түшүндүрдү.


Көрсө, кунг-фу жөнөкөй спорт эмес экен. Бул баш, эрк үчүн да пайдалуу деп айтышты. Коркоктук, эпсиздик, ишенимсиздик эки айдан кийин жоголду.

Асан экөөбүз чыныгы достордон болуп калдык. Машыгуу гана эмес, бирге окуу, ажыдаарлар тууралуу фильм жана оюндарды көрүү да жакындатты. Үйүмдө ажыдаарлар жана желмогуздар тууралуу көп китептерим бар. Биздин үй-бүлө да Асанды жактырышты.

Мелдешер күн да жакындады. Асан биздикине сейрек келчү болду.

– Сени эмне үчүн мелдешке кошпой коюшту? – деп сурады чоң энем.

– Техника боюнча жетишпей жатасың деген машыктыруучу. Чоң эне, капаланбаңыз, ал жер мага жагат. Мен тарткан каркыра, жылан, жолборс жана ажыдаардын сүрөттөрү машыктыруучу залдын дубалында илинип турат.



Арадан бир жыл өттү. Асан мелдеште үчүнчү орун алды.

– Асан, атаандашың күчтүү экен, бирок техникаң жогору, таамай сого аласың, – деди машыктыруучу анын көңүлүн көтөрүп.

– Ринат, сен да мелдешке катышкың келеби? – деди машыктыруучу мага кайрылып.

Каршы болгон жокмун. Бирок биздин үйдүн жанында көркөм-сүрөт студиясы ачылды. Мен студияга киргенде эле, ал жерде каларымды дароо түшүндүм.

Көркөм-сүрөт студиянын ичи боёк, скипидар, кургак жыгач жыттанат. Мольберт, палитрадагы боёктор да накта экен. Кисть жана суу куюла турган идиштер да ар түрдүү өлчөмдө жана формада. Мага бул жер, жада калса, кистилерди аарчыган чүпүрөктөр да сыйкырдуу сезилди. Үйдө ата-энем күтүп жатыптыр.

– Апаң экөөбүз туулган күнүңдү дагы бир жума күтпөй эле, белек кылалы дедик!

Атам мага, студиядагыдай, накта палитра жана акварель боёкторду берди.

Чоң энем, чоң атам да жоон, ичке жана ар түрдүү кисть жана май боёктор белек кылышты.

Бул менин өмүрүмдөгү эң бактылуу туулган күнүм!

Ажыдаар, желмогуздарымды унуткан жокмун. Эми алардын дүйнөсүн, баары, өзгөчө Асан ишене тургандай тартуунун сырларын билем.

Асан каркырадан ажыдаарга чейин, өзүн-өзү коргоонун бардык ыкмаларын үйрөндү. Өткөн жылдагы мелдеште экинчи орунга жетти. Өз максатын карай бара жатат.

Менин максатым – живопись. Бош убактымды көркөм-сүрөт студиясында өткөрөм.

Кунг-фу болсо, сүйгөн спортум болуп кала берди. Коргонуунун ыкмаларын билем. Булчуңдарымды бирөөгө көрсөтүүдөн да уялбайм.

Бий классындагы кыздар менен балдарды, фехтовальщиктерди, сууда сүзгөндөрдү, кунг-фу машыктыруучусун, жана, албетте, Асан досумдун сүрөттөрүн тарттым.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Элеонора Прояева
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова
Которгон жана адаптациялаган:
Абдыкерим Муратов

USAID "Окуу керемет!"
долбоору Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**